**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛАСТЫ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУ**
**АЙДАРКЕН ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙДАРКЕНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

---

**Айдаркен шаардык кеңешинин IV-чакырылышынын кезексиз 32-сессиясынын**

**№76 Т О К Т О М У**

*Айдаркен шаары* *06-март 2024-жыл*

**Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы «Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө» №370 Жарлыгын жана 2024-жылдын 7-февралындагы «Пилоттук режимде жүргүзүлүп жаткан административдик-аймактык реформанын алкагында жергиликтүү кеңештердин иши жөнүндө Убактылуу Жобону бекитүү тууралуу» №24 Жарлыгын аткарууга алуу жөнүндө.**

Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексине жана “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык Айдаркен шаардык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы «Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө» №370 Жарлыгына жана 2024-жылдын 7-февралындагы «Пилоттук режимде жүргүзүлүп жаткан административдик-аймактык реформанын алкагында жергиликтүү кеңештердин иши жөнүндө Убактылуу Жобону бекитүү тууралуу» №24 Жарлыгына ылайык Айдаркен шаардык кеңешинин сандык курамы өзгөргөндүгүнө негиз Айдаркен шаардык кеңешинин Регламенти кайрадан бекитилсин.

2. Токтомдун аткарылышын жана көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

3. Токтомду каттоодон өткөрүү жагы областык Юстиция башкармалыгынан суралсын.

**Төрага:** **А.К.Кожомбердиев**